Жоробек Сатылганов атындагы орто мектебинин дене тарбия, АЧД, көркөм өнөр, музыка, технология сабактары боюнча түзүлгөн усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы жүргүзүлгөн иштеринин анализи

2022-2023-окуу жылында дене тарбия, көркөм өнөр, АЧД, музыка, технология сабактары боюнча түзүлгөн усулдук бирикмесинде 10 мугалим билим тарбия беришет. 5 мугалим Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин "Билим берүү отличниги" төш белгиси, 1 мугалим облустук, калган мугалимдер райондук билим берүү бөлүмүнүн "Ардак грамотасы" менен сыйланышкан.

2022-2023-окуу жылынын 1-жарым жылдыгы үчүн усулдук бирикменин пландары түзүлүп, август кеңешмесиндеги сунуш пикирлерди эске алуу менен бекитилди. Предметтик мугалимдердин календардлык пландарына толуктоолор киргизилди, мектептеги усулдук бирикмеде талкууланып түзүлдү, райондук усулдук бирикмеде салыштырылып, мектеп директору, окуу бөлүмүнүн башчысы тарабынан бекитилди. Ар бир мугалимдин проблемасы аныкталып, анын үстүндө иш алып барышат. Усулдук бирикмедеги мугалимдердин маалыматы такталып, файл уюштурулган, иш кагаздар тиркелген. Жөндөмдүү жана таланттуу окуучулар менен жекече иш алып барышат. Класс жетекчилик милдетти 2 мугалим, кабинет башчы -3, ийрим жетекчиси-4 мугалим.

Сентябрь айында уюштуруу иштери жүргүзүлүп, сабактар, ийримдер, кабинет жетекчилеринин иштери, класс жетекчилик иштер, усулдук бирикменин иштери өз орду менен жүргүзүлдү.

Декабрь айынын 12-23нө чейинки аралыкта усулдук бирикменин жумалыгы коюлган. Жумалыктын планы жазылып, окуу бөлүмүнүн башчысы тарабынан бекитилип мугалимдер ачык сабактарды өтүштү.

Эгембердиева Асыл эже 2-класстарга музыка сабагынан"Жаңы жыл" аткаруу деген темада кызыктуу сабак өтүп берди. Көркөм өнөр сабагынан Жусуева "Жаны жылдык жаслгалоо" деген боюнча 6-класстарга ачык сабак өттүм. Нурдинов Эркинбек агай волейбол кружогунун окуучуларына "Мелдеш оюндары" деген темада эң жакшы ачык сабак өтүп берди.

Экинчи жумада шартка байланыштуу мектеп онлайн сабакка өтүп кеткендигине байланыштуу калган мугалимдерибиз ачык сабактарын өтө албай калышты

Ошондой эле көркөм өнөр мугалимдери тарабынан 12-декабрь улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата "Айтматов ааламы" деген

Сканировано с CamScanner

темада сүрөт көргөзмө болуп өттү. Көргөзмөгө мектеп окуучулары активдүү катышышты, мыкты сүрөттөр үчүн грамоталар тапшырылды.

Билимин жогорулатуу курстарынан убагында өтүп жатышат.

Усулдук бирикме жетекчиси: Жусуева.А.

Сканировано с CamScanner

**Жоробек Сатылганов атындагы орто мектебинин химия,биология , география, физика, астрономия, тарых сабактары боюнча түзулгөн табигый илимдер усулдук бирикменин 2022-2023-окуу жылынын 1- жарым жылындагы жургүзулгөн иштеринин отчету.**

2022-2023-окуу жылында химия,биология, география ,физика ,астрономия , тарых сабактары боюнча түзулгөн усулдук бирикмесинде 11 мугалим таалим тарбия беришет. 5 мугалим КР нын Билим берүү министрлигинин "Билим берүү отличниги" төш белгиси, 2 мугалим КР нын билим берүү министрлигинин "Ардак грамотасы ", 2 мугалим облусттук, калган мугалимдер райондук билим берүү бөлүмунун "Ардак грамотасы"менен сыйланышкан.

2022-2023-окуу жылынын 1-жарым жылдыгы үчун усулдук бирикменин пландары түзулүп,август кеңешмесиндеги сунуш пикирлерди эске алуу менен бекитилди. Предметтик мугалимдердин календарлык пландары райондук усулдук бирикме тарабынан талкууланып тузулуп, электрондук варианттарынын жардамында даярдалып, мектеп директору жана усулдук бирикме жетекчилери тарабынан бекитилди.

Класс жетекчилик милдетти 5 мугалим , кабинет башчы -5 , ийрим жетекчиси- 5 мугалим, усулдук бирикме жетекчиси-1 мугалим аткарат.

Сентябрь айында уюштуруу иштери жүргузулуп ,сабактар, ийримдер, кабинет жетекчилердин иштери, класс жетекчилик иштер, усулдук бирикменин жетекчилеринин иш пландары толугу менен жылдык болуп тузулуп мектеп жетекчиликтери тарабынан бекитилген.

Октябрь айында секциядагы класс жетекчилер тарабынан "Мекенимде алтын куз" деген темада ачык көргөзмөлөр уюштурулду.

Ноябрь айында 18-ноябрдан тартып 25-ноябрга чейин химия,биология , география,физика, астрономия, тарых сабактары боюнча түзулгөн усулдук бирикменин жумалыгы өтуп.,баардык мугалимдер ачык сабактарды интерактивдүу ыкмаларды колдонуп өтүштү.

| № | Мугалимдин А.А.А | предмети | классы | Өтүлгөн сабактын темасы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Абыканова Б | химия | 8-класс | Химиялык реакциялардын типтери |
| 2 | Таялиева Ж | химия | 8-класс | Көнүгүу иштөө |
| 3 | Кармышбекова | биология | 9-б кл | Жашоонун клеткасыз формасы,Вирустар. |
| 4 | Замирбек к М | биология | 8-клаас | Уйку жана сергектик.Уйкунун бузулушу |
| 5 | Токобаев Т | географ | 6-а кл | Жер титироо |
| 6 | Алымкулов С | географ | | |
| 7 | Кулматова Н | тарых | 9-кл | Советтик Социалисттик Республикалар Союзу |
| 8 | Алымкулова Н | тарых | 7-а кл | Европадагы католик чиркөосү жана кресттүулөрдун жортуулдары |
| 9 | Асанбек кызы Т | тарых | 7-в кл | Амир Темирдин империясы |
| 10 | Сеитов У | физика | 10-а кл | Ламинардык жана турбуленттик агымдар |
| 11 | Райымбаева А | физика | 9-а кл | Жарык булактары. Жарыктын чагылышы |
| | | | | |

Сканировано с CamScanner

**22.11. 8- класс .** Биология сабагынан Замирбек кызы Махабат "Уйку жана сергектик. Уйкунун бузулушу" деген темада ачык сабак өттү. Өтүлгөн теманы кайталоодо топтор менен карточкадагы суроолорго жооп табуу боюнча иштешти. .Жаңы тема интерактивдүү досканы пайдаланып Адаамдын склеттин көрсөтүп мунөздөмө берип слайд көрсөтүлдү. Слайддан окуучулар склеттин бөлүктөрүн табышты менен иштешти.Бышыктоодо окуучулар сүрөт менен дал келтирип иштешти.

Сунуш: видеодогу склеттер менен чыныгы склеттерди дал келтирип таптыр

**23.11. 9-б класс .** Тарых сабагынан Кулматова Нургүл "Советтик Социалисттик Республикалар Союзу" деген темада ачык сабак өттү. Өтүлгөн теманы кайталоодо топтор менен карточкадагы суроолорго жооп табып иштешти. Окуучуларга деңгээлдештирип тапшырмалар берилди.Жаңы тема интерактивдүү досканы пайдаланып маалымат берилди. Слайддан окуучулар СССР ге кирген мамлекеттерди табышты .Бышыктоодо окуучулар карта менен иштешти жана начар окуган окуучулардан тесттик тапшырмалар алынды.

Сунуш: Риза боюнча тесттик тапшырмалар менен иштетиңиз

**23.11. 8-б класс .** Химия сабагынан Абыканова Бужамал "Химиялык реакциялардын типтери" деген темада ачык сабак өттү. Өтүлгөн теманы кайталоодо топтор менен карточкадагы ыр түрүндө берилген суроолорго жооп табып иштешти. Окуучуларга деңгээлдештирип тапшырмалар берилди. Жаңы тема интерактивдүү досканы пайдаланып маалымат берилди. Слайддан окуучулар кошулуу реакциясы,күйүү, жыт чыгарат. Ажыроо реакциялары ,орун алмашуу реакциясы боюнча маалымат берилди .Бышыктоодо окуучулар реакциялар боюнча мисалдарды иштешти жана музыка менен элементти табышты

Сунуш: Риза боюнча тесттик тапшырмалар менен иштетиңиз

**23.11. 8-б класс .** Химия сабагынан Таялиева Жылдыз "Көнүгүү иштөө" деген темада ачык сабак өттү. Өтүлгөн теманы кайталоодо топтор менен тема интерактивдүү досканы пайдаланып миллионер болгум келет оюнун ойнотуп окуучулар суроолорго жооп табып иштешти. Окуучуларга деңгээлдештирип тапшырмалар берилди. Жаңы тема интерактивдүү досканы пайдаланып топторго тапшырмалар берилди . Слайддан окуучулар кошулуу реакциясы,күйүү, жыт чыгарат. Ажыроо реакциялары ,орун алмашуу реакциялары боюнча мисалдарды топтордо чыгарышты .Бышыктоодо окуучулар реакциялар боюнча ыр табышмактарды табышты.

Сунуш: Риза боюнча тесттик тапшырмалар менен иштетиңиз

Жогорудагы маселелерди карап чыгып,кеңешме

чечим кылат:

1. Химия, биология ,тарых, география, физика сабактарынын өтулүшүн дагы жакшыртуу жагы ар бир предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин
2. Кабинет башчыларына усулдук бурчтарды дайыма толуктап, жаныртып туруусу тапшырылсын.
3. Берилген тапшырмаларды көзөмөлдөө жагы усулдук бирикме жетекчисине милдеттендирилсин.

Усулдук бирикме жетекчиси: Райымбаева А

Сканировано с CamScanner